**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 24-ноябрындагы №787 буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын “Авиациялык коопсуздук. 17-КРАЭ” Авиациялык эрежелерине озгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин буйругунун долбооруна**
**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

## 1. Долбоордун максаты жана милдеттери

Кыргыз Республикасынын Аба Кодексинин 10-беренесинин 1-бөлүмүнүн 3-пунктунун талаптарына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 24-ноябрындагы №787 буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын “Авиациялык коопсуздук. 17-КРАЭ” Авиациялык эрежелерине озгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин буйругунун долбоорунун (мындан ары-долбоор) максаттары жана милдеттери болуп Кыргыз Республикасындагы авиациялык коопсуздук жаатындагы Авиациялык эрежелерди максималдык түрдө негизги мүнөздө Эл аралык жарандык авиация жөнүндөгү Конвенциянын 17-тиркемесинде “Авиациялык коопсуздук” системалаштырылган Эл аралык жарандык авиация уюмунун (ИКАО) стандарттары менен бирдейликке жеткирүү болуп эсептелет.

Маалымдама: *Кыргызстан Республикасынын Жогорку Кеңешинин 1992-жылдын 18-декабрындагы №1117-XII токтому менен 1944-жылы Чикагодо кол коюлган эл аралык жарандык авиация боюнча Конвенция ратификациланган.*

Ушуга байланыштуу, ИКАОнун мүчө-мамлекети катары Кыргыз Республикасынын милдети Эл аралык жарандык авиация Конвенциясы менен аныкталат. ИКАОнун мүчө мамлекеттеринин милдеттеринин бири катары ИКАОнун стандарттарына жооп берген жарандык авиациянын мамлекеттик ченемдерин иштеп чыгуу жанеа колдонуу болуп эсептелет.

## 2. Баяндоочу бөлүгү

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 24-ноябрындагы №787 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын авиациялык эрежелерине (мындан ары – КРАЭ-17) өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн максаты - Эл аралык жарандык авиация жөнүндө конвенцияга 19-түзөтүүнү кошо алганда, 17-тиркеменин бардык талаптарынын толук,

так жана даана чагылдырылышын камсыз кылуу, атап айтканда:

- "адамдык факторлордун аспектилери" деген аныктамага өзгөртүү киргизүү сунушталууда. Жаңы аныктама 17-тиркемедеги эскирген "адамдык факторлордун аспектилери" терминин алмаштырат. Анда адамдык факторлорду эске алуу критикалык маанилүү тармактарда колдонулуучу илимий дисциплина экени жана анын максаты адамдын жөндөмдүүлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен системаларды иштеп чыгуу болуп саналат, бул каталардын санын кыскартууга жана адамдын ишинин натыйжалуулугун жана системанын ишенимдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берет деп түшүндүрүлөт. Ошол эле учурда, адамдык факторлор жаатындагы учурдагы сунушталган практика маселелердин тар чөйрөсүн гана камтыйт, атап айтканда, авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн жабдууларды иштеп чыгууга байланыштуу адамдык факторлордун аспектилери. Сунушталган өзгөртүү жарандык авиациянын улуттук коопсуздук программаларынын алкагында адамдык факторлорду кеңири эске алууга өбөлгө түзөт;

- "адамдын мүмкүнчүлүктөрү" деген аныктаманы алып салуу сунушталат, анткени 17-тиркемеде бул термин мындан ары колдонулбайт, ал эми "адам фактору" деген жаңы аныктама керектүү тактыкты жана концептуалдык негизди камсыз кылат;

- "Трансфердик жүргүнчүлөр жана багаж" жана "транзиттик жүргүнчүлөр жана багаж" дегенге так аныктама берүү эки маанилүүлүктү жок кылат жана бул терминдер эске алынган нормалардын ырааттуу колдонулушун камсыздайт;

- КРАЭ-17нин 110-пунктуна өзгөртүү киргизүү. Бул стандарт ИКАО тарабынан кайра каралып чыккан, эгерде маршруттун бир жеринде коопсуздукту көзөмөлдөөнүн ишенимдүү жана текшерилген системасы киргизилген болсо, коопсуздук максатында аба кемесин текшербөөгө же тинтүүгө мүмкүнчүлүк түзүү үчүн. Эгерде жүргүнчүлөр, алардын кол жүгү жана катталган багажы, ошондой эле жүктөр тийиштүү текшерүүдөн өткөндүктөн, которулуу аэропортунда кошумча текшерүүдөн бошотулса, анда алар келген аба кемеси дагы ушундай текшерүүдөн өткөн деп эсептелиши керек. Бул сунуш системанын жалпы коопсуздугун жогорулатпаган авиациялык коопсуздук чараларын колдонуу зарылдыгын жоюуга багытталган;

- 8-главага жүргүнчүлөрдү кароо пункттарын сөзсүз түрдө эркек жана аял кызматкерлер менен камсыз кылууну караган $137^1$-пунктту кошуу сунушталат, ошондо жүргүнчүнү жеке кароо ошол эле жыныстагы кароо оператору тарабынан жүргүзүлсүн;

Бул талап төмөнкү факторлорго байланыштуу:

- жеке текшерүү жүргүзүүдө жүргүнчүлөрдүн укуктарын жана кадыр-баркын сактоо;

- жүргүнчүлөр тарабынан чыр-чатактуу кырдаалдарды жана даттанууларды алдын алуу;

- текшерүү процедураларын жүргүзүүнүн эл аралык практикасына ылайык келүү.

Ошол эле учурда, эгерде жүргүнчү каршы болбосо, карама-каршы жыныстагы кызматкер тарабынан көчмө металл детекторун колдонуу мүмкүнчүлүгү каралган. Бул кадрдык ресурстардын чектелүү шартында жана контролду тез арада жүргүзүү зарыл болгон учурда текшерүү процедураларынын ийкемдүүлүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет;

- 349-пункттан "жарандык авиация органында" деген сөздөрдү алып салуу сунушталууда. Бул өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы мамлекеттик жөнгө салууну жана көзөмөлдү оптималдаштыруу принциптерине пункттун формулировкасын ылайык келтирүү менен шартталган;

- 407-пунктту тобокелдиктерди баалоону эске алуу менен жарандык авиация органы сертификаттык документтин колдонуу мөөнөтүн белгилей турган жаңы редакцияда баяндоо сунушталат. Бул өзгөртүү жарандык авиация объектилеринин ишин жөнгө салууда тобокелдикке багытталган мамилени киргизүүгө багытталган. Сертификаттын колдонуу мөөнөтүн аныктоодо төмөнкүлөрдү эске алуу сунушталат:

- тобокелдиктерди баалоонун натыйжалары;

- объекттин учурдагы абалы;

- авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн зарыл болгон ресурстардын жана техникалык каражаттардын болушу;

- объекттин авиациялык коопсуздук жана учуулардын коопсуздугу боюнча белгиленген талаптарга шайкештиги. Тобокелдикке багытталган мамилени колдонуу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:

- мамлекеттик көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатууга;

- көзөмөл иш-чараларын тобокелдик деңгээли жогору болгон объектилерге топтоого;

- жарандык авиация органынын ресурстарын оптималдаштырууга.

Авиациялык коопсуздук чөйрөсүндө стандарттарды бир түрдүү колдонуу маанилүү, анткени эл аралык стандарттар жана сунуш кылынган практика тарабынан каралган мындай чараларды киргизүүнү камсыз кылуу менен эл аралык жарандык авиацияны мыйзамсыз кийлигишүү актыларына каршы коргоо деңгээли жогорулайт. Стандарттарды жана ар бир мүчө-мамлекет сунуш кылган практиканы киргизүү ички ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу жолу менен жүзөгө ашырылат. Эл аралык жарандык авиациянын коопсуз жана тартиптүү өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн жарандык авиациянын бардык эксплуатациялык иши жалпы таанылган эл аралык стандарттарды, эрежелерди жана практиканы эске алуу менен жүргүзүлүшү зарыл.

Андыктан, КРАЭ-17 өзгөртүүлөрдү киргизүү Кыргыз Республикасына ИКАОнун мүчө-мамлекети катары ИКАОнун авиациялык коопсуздук жаатындагы стандарттары жана сунуш кылынган практикасы менен максималдуу бирдиктүүлүктү камсыздоого жол берет.

**3. Социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык жана коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Бул мыйзамдын долбоорун кабыл алуу мүмкүн болгон укуктук, укук коргоочулук, социалдык, экономикалык, экологиялык, гендердик жана коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуулоонун натыйжалары жөнүндө маалымат**

Буйруктун долбоору коомдук талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин сайтына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик актыларынын долбоорлорун коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына алдын ала жайгаштырылган. Бирок долбоорго сунуштар түшкөн жок.

Ошону менен бирге, долбоор министрликтерге, ведомстволорго жана жарандык авиация уюмдарына макулдашууга жөнөтүлгөн, долбоорду макулдашуунун натыйжалары боюнча министрликтердин, ведомстволордун, жарандык авиация уюмдарынын сунуштары эске алынган, алар долбоорго карата эске алынган сунуштар жана сын-пикирлер таблицасында берилген.

**5.Долбоордун мыйзамдарга ылайыктуулугун талдоо**

Сунушталган буйрук долбоору колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

Мыйзам долбоорунда жөнгө салуунун сунушталган ченемдеринде боштуктар жана карама-каршылыктар жок.

**6. Каржылоо булактарынын зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Бул мыйзамды кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча каржы чыгымдарына алып келбейт.

**7. Регулятивдик таасирди талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган мыйзам долбоору жөнгө салуучу таасирди талдоону талап кылбайт, анткени ишкердик ишти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Директор** **Д.К. Бостонов**